Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
22-августу

№63 (3719)

www.erkin-too.kg

# САДЫР ЖАПАРОВ МИРЗИЁЕВАНЫ КАБЫЛ АЛДЫ



Президент Садыр Жапаров 20-августта Өзбекстандын Президентинин Администрациясынын жетекчиси Саида Мирзиёеваны кабыл алды. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар эки жактуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин, анын ичинде эки өлкөнүн ортосундагы маданий-гуманитардык жана билим берүү байланыштарын чыңдоону талкуулашты. Мамлекет Башчысы Өзбекстандын Президенти менен биргелешкен күч-аракеттердин аркасында кыргыз-өзбек алакалары мындан ары да стратегиялык өнөктөштүк духунда өнүгүп, чыңдалып жатканын белгиледи. Өзбекстандын Президентинин Администрациясынын жетекчиси өз ара сый-урматка жана коңшулаштыкка негизделген мамлекеттер аралык мамилелердин жогорку деңгээлин айтып, бул процесстеги эки өлкөнүн лидерлеринин маанилүү ролун белгиледи. Саида Мирзиёева жаштар саясатын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, буга чейин эле командалык духтун жана эки өлкөнүн жаштарынын ортосунда достук мамилелерди орнотуунун символу болуп калган Бишкекте өткөрүлө турган «Заковат» интеллектуалдык оюну жөнүндө айтып берди.

## "КАПИТАЛ БАНККА" САЛЫНГАН САНКЦИЯ НЕГИЗДҮҮБҮ?

Президент Садыр Жапаров "Кабар" маалымат агенттигине маек куруп, Улуу Британия тарабынан Кыргызстандын "Капитал Банкына" санкция салынышы боюнча пикирин билдирди. Президент быйыл январда АКШ "Керемет Банк" Россияга санкцияларды кыйгап өтүүгө кол кабыш кылган деп банкка санкция салганын эске салып, бирок ага эч кандай далил болбогонун айтты. Эми Улуу Британия "Капитал Банкка" санкция салып жатканын жана ага эч кандай негиз жок экенин, Россияда Кыргызстандын миллионго жакын жараны иштей турганын, алар өлкөгө миллиарддаган рубль которгондуктан, аларды конвертация кылуу үчүн "Капитал Банк" тандап алынганын, бул тууралуу АКШнын элчисине айтылганын ачыктады. "Капитал Банк" мамлекеттики болгондуктан, анын иши Каржы министрлигинин көзөмөлүндө болуп, кирешеси бюджетке түшүп жатат. "Эми минтип дал эле "Керемет Банкка" Америка санкция салгандай "Капитал банкка" да Англия санкция салып жатат. Эч бир далил да көрсөтө алышкан жок. Баягы эле күмөн саноо. Ушундан улам мага дагы күмөн саноо ой келет. Кыргызстандын экономикасы жогорку темп менен өсүп жатканын көрүп, билип турушат да. Мисалы ИДПбыз 11,7 пайызга чейин өсүп, КМШ өлкөлөрүнүн алдында бара жатабыз. Ушундан улам биздин үстүбүздөн басым жасоо иш-аракеттерин кылып жатышат деп ойлойм. Үлкөн мамлекеттер башка мамлекеттердин тез өнүгүп кетишин каалабайт эмеспи. Баары алардын көзүн карап, сурамчыланып жүргөнүн эле каалашат да" - деди Өлкө Башчысы. Президент сөз соңунда эл аралык милдеттенмелерди сактоого даярбыз, сактап келгенбиз, сактап жатабыз деп, жарандардын кызыкчылыктарын, мамлекеттин соода-экономикалык өнүгүүсүн жокко чыгарууга жол бербестигин баса белгиледи.

## "Beeline" менен "Элдик Банк" бирикти

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев "Скай Мобайл" компаниясы менен "Элдик Банк" ААКнын бириккендигине арналган иш-чарага катышты. Белгилей кетсек, "Элдик Банк" ААКсы "Скай Мобайл" компаниясынын 100% акциясына ээ болгон. Министрлер Кабинетинин Төрагасы бул санариптик экосистеманын курулушунун башталышы экенин, мында банк жана телекоммуникациялык кызматтар, электрондук төлөмдөр, электрондук базарлар жана мамлекеттик кызматтар өлкөнүн ар бир жараны үчүн, Кыргызстандын кайсы бурчунда болбосун жеткиликтүү бирдиктүү механизм катары иштей турганын белгиледи. "Биринчиден, бул стратегиялык кадам Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун ырааттуу жана көрөгөч саясатынын аркасында мүмкүн болгонун белгилегим келет. Бул амбициялуу долбоорду ишке ашырууга саясий эрк, институттук негизди жана инвестициялык чөйрөнү түзгөн Мамлекет Башчынын колдоосу болду. Бул транзакция M&A жана корпоративдик башкаруунун эл аралык




стандарттарына ылайык толук жүргүзүлдү, бул биздин алдыңкы дүйнөлүк компаниялар жана инвесторлор менен кызматташууга даярдыгыбыздын жогорку деңгээлин көрсөтүп турат" деди ал.

## Малды экспорттоого убактылуу тыюу салынды

Министрлер Кабинети ири мүйүздүү малды, жылкыларды, койлорду жана эчкилерди Кыргызстандын аймагынан ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизген токтом кабыл алды. Тиешелүү токтомго Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кол койду. Мындай чечим, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына базар бааларын турукташтыруу максатында кабыл алынды. Маселен, Евразия экономикалык биримдигинин тышкы экономикалык ишинин товардык номенклатурасы (ЕАЭБ ТЭИ ТН) 0102 коду менен классификацияланууучу ири мүйүздүү малды, ЕАЭБ ТЭИ ТН 0101 коду менен классификацияланууучу жылкыларды, ЕАЭБ ТЭИ ТН 0104 коду менен классификацияланууучу койлорду жана эчкилерди Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленди. Буга – Кыргыз Республикасы аркылуу транзит; мелдештерге катышуу үчүн спорт жылкылары; чет мамлекеттерге, эл аралык уюмдарга же айрым адамдарга белекке берилүүчү жылкылар кошулбайт.

"Эркин-Тоо" пресс

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# БЮРОКРАТИЯДАН АРЫЛУУНУН АЛГАЧКЫ КАДАМДАРЫ



*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиевдин төрагалыгы алдында мамлекеттик системаны бюрократиядан арылтуу боюнча реформаларды ишке ашырууга арналган мекемелер аралык комиссиянын төртүнчү отуруму болуп өттү. Анда билим берүү, маданият жана илимден археологияга, мамлекеттик кызматка, медицинага жана санариптештирүүгө чейинки кеңири чөйрөнү камтыган маселелер талкууланды. Талкуунун максаты – административдик жол-жоболорду кыйла жөнөкөйлөштүрүү, мамлекеттик органдардын ишинин ачыктыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуу, жарандарга жана бизнес-коомчулукка жүктү азайтуу.*

Юстиция министри, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Улуттук стратегиялык демилгелер институтунун директору Аяз Баетов ушул маселелер боюнча баяндама жасап, төртүнчү пакеттин артыкчылыктуу милдети жарандар менен мамлекеттин ортосундагы өз ара аракеттенүү үчүн эң ыңгайлуу шарттарды түзүү, ашыкча административдик тоскоолдуктарды жоюу экенин белгиледи.

Жарандар өздөрүнө керектүү мамлекеттик кызматтарды тез, натыйжалуу жана ашыкча чыгымдарсыз алуусу үчүн бюрократиялык тоскоолдуктарды азайтуу керектигин баса белгилеген Аяз Баетов, ири масштабдуу бюрократиядан арылуу процессинин алкагында буга чейин 27 ченемдик укуктук акт (ЧУА) кабыл алынганын, мындан тышкары 3 ЧУАга Президенттин кол коюусу күтүлүп жатканын, 13 ЧУА Жогорку Кеңештин кароосунда турганын, 11 ЧУАнын долбоорун Президенттин Администрациясы даярдап жатканын, 9 ЧУА коомдук талкуудан өткөнүн билдирди.

Отурумда каралган талкуунун жыйынтыгында айтылган сунуштардын арасынан негизинен төмөндөгүлөр белгиленди:

• Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө "бирдиктүү терезе" принцибин кеңири жайылтуу, бир жерде комплекстүү кызматтарды камсыздоо.

• Мамлекеттик процесстерди тездетилген санариптештирүү жана кызматтардын максималдуу мүмкүн болгон санын онлайн форматка өткөрүү, ведомстволорго жеке баруу зарылдыгын жокко чыгаруу.

• Арыздарды кароо жана уруксат берүү үчүн талап кылынган убакыттын олуттуу кыскарышы, так жана ачык процедуралардын белгилөө.

• Статистикалык маалыматтарды жыйноо жана иштеп чыгуу процесстерин толук масштабдуу автоматташтыруу, маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана актуалдуулугун жогорулатуу.

• Мамлекеттик кызматкерлерди бошотуу жана ишке алуу жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү.

• Мамлекеттик кызматкерлер үчүн санариптик көндүмдөрдүн милдеттүү талабын киргизүү.

Жыйындын жүрүшүндө мамлекеттик органдардын жетекчилери бюрократиядан арылуу стратегиясын ишке ашыруунун алкагында мурда коюлган милдеттердин аткарылышы тууралуу кеңири баяндамаларды беришти.

Адылбек Касымалиев талкууну жыйынтыктап жатып, бюрократиядан арылуу реформасын ырааттуу ишке ашыруунун маанилүүлүгүн жана бардык деңгээлдеги бул процесске бардык мамлекеттик органдардын активдүү катышуусунун зарылдыгын белгиледи. Ал белгилегендей, биргелешкен күч-аракеттер менен гана мамлекеттик башкаруунун заманбап жана натыйжалуу системасын түзүүдө олуттуу прогресске жетишүүгө болот. Ошондой эле аткарылып жаткан иштин жыйынтыгын коомчулук билиши керектигин, ошону менен бирге жалпыга маалымдоо каражаттары менен ушул жаатта кызматташууну баса белгиледи.

Жыйындан соң Төрага Адылбек Касымалиев «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында реформаларды ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча бир катар мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен жолугушту.

Бул программанын алкагында 4 багыт боюнча реформалар жүргүзүлүп, алардын ичинде: айдоочулук күбөлүктү алуу үчүн зарыл болгон медициналык маалымкатты алуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү; ири габариттүү жана оор жүк ташуу үчүн атайын уруксат алуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү; майыптыгы бар адамдар үчүн медициналык-социалдык экспертиза, реабилитациялоо жана абилитациялоо процесстерин санариптик чечимдер аркылуу жөнөкөйлөтүү; курулушка уруксат берүү процессин жөнөкөйлөтүү маселелерин баса белгилеп, жыйынга катышкандарга ыраазычылык билдирип, өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн бир катар мамлекеттик кызматкерлерге сыйлыктарды тапшырды.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

ОКУРМАН ОЙ БӨЛҮШӨТ

# ИШ БАШКАРМАЛЫКТЫН ИШ БИЛГИЛИГИ



*Мурунку бийликтин учурунда «Мамлекет – начар кожоюн» деген принцип менен мамлекеттик имараттарды, бала бакчаларды, эс алуучу жайларды, керек болсо мектептерди менчикке таратып жиберген болчу. Бүгүнкү күндөгү жүрүп жаткан «кайра куруунун» фонунда алып карасак, Аскар Акаев, Курманбек Бакиев, Роза Отунбаева, Алмазбек Атамбаев, Сооронбай Жээнбеков өлкөнү башкарып турганда алар жөн эле мамлекетти талап-тоноо менен алек болушкандай. "Баарын коюп Манасты айт" демекчи, учурдан пайдаланып, Президенттин Иш башкармалыгынын ишине назарым түшүп, өз оюмду билдиргим келди. Буларда жаратмандык демилге алкоого арзыйт. Бир эле мисал, илгерки динозаврлардай жок болуп кетүү коркунучунда турган өлкөдөгү эс алуу жайлары жөнүндө сөз кылайын.*

Президенттин Иш башкаруучусу Каныбек Туманбаев Нарын районунун аймагында жайгашкан Салкын-Төр жаратылыш паркынын абалы менен таанышты. Ушул жайдын кооздугуна суктанып жүргөн инсан катары айтсам, ал жердеги мурдагы эс алуучу объектилерди мектеп катары колдонуп турганда, эки жагы көркүнө келип, бир аз дурус болчу. Мектеп жаңы имаратка көчкөндөн кийинки эс алуу жайынын абалын көрүп, чынында ичим ачышты. Жаратылышка, деги эле өзүбүздүн эс алуучу кооз жайларыбызга жырткычтардай мамиле жасаганыбызга кейидим. Мындай кырдаалды билгендей эле Каныбек Туманбаевдин Салкын-Төргө барышы чоң үмүт жаратты. Анткени, Иш башкармалыгынын командасы буга чейин профсоюз уюмунун пансионат, курортторду "талкалоочу тобунун" цунамидей каптаган кесепетин акырындык менен жоюп келатпайбы. Маселен, ошол эле бомба түшкөндөй кыйраган абалда турган "Жыргалаң", "Ысык-Ата" курортторун толук ондоп, заманбап шарттарды түзүп койду. Же болбосо, "Жети-Өгүз" курортун, "Көгүлтүр Ысык-Көл" пансионатын алалы, бул жерде дагы Иш башкармалыктын иш билгилиги менен ондоп-түзөө иштери жүрүп жатыптыр. Деги эле Профсоюздар федерациясынын карамагында турган мекемелердин Президенттин Иш башкармалыгына өтүшү менен, эс алуучу жайлардын экинчи өмүрү башталып, заманбап жана эффективдүү башкаруу киргизилгенин моюнга алышыбыз керек. Ошондуктан, нарындыктар үчүн кам көрүп, паркты элибиз үчүн коопсуз, таза жана заманбап шартта уюштурулган эс алуу жайына айлантууну максат кылып жатканына жетине албай, ушул макаланы жазып жатамын. Ал жерде экотуризмди өнүктүрүүгө шарттар түзүлүп, автоматташтырылган кирүү пункту, экологиялык стилдеги жеңил A-frame үйлөр, эс алуучу жайлар, санитардык түйүндөр жана чакан тамактануучу жайлар курулат экен.



Иш башкаруучу Каныбек Туманбаевдин мобилдүү командасы баш калаабыздын эс алуучуларынын сүймөнчүк жайына айланган Ала-Арча жаратылыш паркын уникалдуу туристтик жайга айландырышууда. Мурда ар жерге казан асып, от жагып, бир аз "жапайраак" эс алуунун үлгүсүн көрсөтүп келсек, эми A-frame үйлөрү, асма жол, бассейн, куполдор жана заманбап мейманкана курулууда. Бул иштер жылдын аягына чейин бүтүп калат экен.

Байкаган адамга Каныбек Туманбаев Президенттин Иш башкармалыгынын ишмердүүлүгүн заманбап форматка өткөрүп, күчтүү менеджерлик сапатын көрсөтүп жатат. Эң башкысы, мамлекет мыкты кожоюн экенин далилдешүүдө.

**Ниязбек СООРБЕКОВ,**
**Бишкек шаарынын тургуну**

МЫЙЗАМДЫН УКУРУГУ



# КОРРУПЦИЯЛЫК СХЕМАНЫН БЕТИ АЧЫЛДЫ

Өлкөдө эттин баасы кымбаттап кеткендиктен, ушул жылдын 11-августунан тарта 90 күнгө мамлекеттик көзөмөл киргизилген. Мындай чечим баанын негизсиз кымбатташына жол бербөө жана калк үчүн продукциянын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында кабыл алынган. Ошондой эле мал-жандыкты сыртка ташуу убактылуу токтотулган. Көзөмөлдү жүргүзүү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, монополияга каршы жөнгө салуу кызматына жүктөлүп, республика боюнча эттин чекене баасы 680 сомдон ашпашы керек деп белгиленген. Айрым региондордо бекитилген баа мындан да төмөн чекте. Бирок, коомчулук эттин баасынын түшүшүнө ишенбей, соцтармактар аркылуу өз ойлорун билдирип жатышкан. Жазылган комментарийлердин басымдуу бөлүгүндө эттин баасын орунсуз көтөргөн чайкоочулар менен УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев гана күрөшө аларын, ошондо гана абал оңолору айтылган. Оозго сала бергендей эле кечээ дал ушул маселеге байланышкан кабар тарады. Башкача айтканда, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет (УКМК) Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары Самат Насирдинов баш болгон төрт адам мал-жандыкты экспортко чыгаруудагы коррупциялык схемага шек саналып кармалганын билдирди. Атайын кызматтын маалыматына ылайык, июль айында азыктүлүк коопсуздугун камсыздоо жана өлкө ичинде эттин баасын турукташтыруу максатында малды экспорттоого квота киргизилген. Ал эми Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары Самат Насирдинов, Ветеринардык кызматтын директору (К.У.С.), министрликтин бөлүм башчысы (М.Э.У.) жана Ветеринардык кызматтын бөлүм башчысы (Н.у.Б.) кызматтык ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдаланып, мал чарбачылыгы менен алектенбеген өздөрүнө тиешелүү адамдарга мыйзамсыз квота берүү боюнча коррупциялык схеманы уюштурушканын кабарлады.

Ортомчу болгон ишкерлер мыйзамсыз алынган квоталарды дыйкандарга жана малды экспорттоо менен алектенгендерге бир бодо малга 300 доллардан, майда жандыкка 5 миң сомдон сатышканы аныкталган. Атайын кызмат бул коррупциялык схемадан 40 миңден ашык бодо мал Жалал-Абад облусу аркылуу Өзбекстанга мыйзамсыз чыгарылып, эттин кымбатташына себеп болгонун билдирди.

“Ал адамдардын малы бар экендиги жөнүндө актылар Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин кызмат адамдарынын көрсөтмөсү боюнча райондук ветеринардык башкармалыктардын кызматкерлери тарабынан бурмаланган”, - деп айтылат маалыматта.

Козголгон кылмыш ишинин алкагында Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин кызматкерлери, ортомчулар кармалып, УКМКнын Жалал-Абад облусу боюнча башкы башкармалыгынын тергөө абагына киргизилди. Учурда тергөө иштери уланууда.

Ал ортодо Баткен шаарында муниципалдык эт дүкөндөрү ачыла тургандыгын Президенттин облустагы өкүлчүлүгүнөн кабарлашты. Маалыматка ылайык, Президенттин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Абдирашит Ташбалтаев Баткен шаарынын жана бардык тийиштүү облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери менен жыйын өткөрүп, эттин баасын туруктуу кармоо жана калкты эт менен үзгүлтүксүз камсыздоо боюнча тапшырмаларды койду.

Муктаждыкка жараша, Баткен шаардык мэриясына муниципалдык эт дүкөндөрүн уюштуруу жана ишке киргизүү боюнча тапшырма берилди. Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын маалыматына ылайык Баткен шаары жана Баткен районунда 1 кг уйдун эти – 670 сомдон, койдун эти – 680 сом, Кызыл-Кыя шаарында – 650-680 сом, Кадамжай районунда – 670-680 сом, Лейлек районунда – 650-680 сом, Сүлүктү шаарында – 650-680 сом болуп бекитилген. Кыскасы мамлекеттик көзөмөл өз жемишин берүүдө. Чамасы, муниципалдык дүкөндөрдү башка аймактарда ачуу маселеси да көтөрүлөт сыяктуу.

Анткени акыркы жылдары кыргызстандыктар орто эсеп менен алганда эт жана эт азыктарын көбүрөөк жей баштаганы аныкталган. Үй чарбаларын талдоо ыкмасы менен эсептегенде Улуттук статистика комитети Кыргызстанда ар бир жан орточо эсеп менен жылына 26 килограммдай эт жей тургандыгын билдирген. Бул кафе, ресторан, той-аштардан жеген эттен тышкарки көрсөткүч. Деген менен бул нормага жетпейт. 2021-жылы Өкмөт тарабынан бекитилген орточо физиологиялык керектөө ченемдеринде кыргызстандыктар бир жылда 60 килограммдан кем эмес эт жеши керектиги айтылган. Ошондуктан учурда эттин чекене баасын арзандатуу маселеси курч коюлуп жатканы туура.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ЭЛ СЫЙМЫГЫ

# КЫРГЫЗ КЫРААНЫ ПАКИСТАНДАГЫ ЧОКУНУ БАГЫНТТЫ



***Чоку болот тоолордун бийик жери,
Чокудай бол кыргыздын жигиттери, – деп Байдыкебиздин ырга салган каалоосун бүгүн кыргыздын жигиттери четинен аткарууда.***

20-августта таң атканда өлкөбүздүн альпинизм федерациясынын президенти, кыргыздын кыйырына белгилүү чыйрак жигит Эдуард Кубатов “Манас” эл аралык аба майданына конду. Ал 11-август күнү Пакистан менен Кытайдын чек арасында жайгашкан Каракорум тоо кыркасындагы дүйнөдөгү бийиктиги жагынан экинчи орунда турган, бийиктиги 8614 метрди түзгөн К2 чокусун багындырган. Баарынан кызыгы, анча-мынчалар даай албаган мындай жогорку бийиктике ал кычкылтек колдонбостон ийгиликтүү чыккан. Быйылкы мезгил өзгөчө оорго турганын айткан каарма期ыбыз, аба-майдандан журналисттердин бир катар соболдоруна жооп узатты.

**- Эдуард мырза, бийиктикти багындыруудагы башыңыздан өткөн окуялар менен бөлүшө кетсеңиз?**

- Бул жолку 2 айга созулган спорттук экспедициялык сапар ар түрдүү кызыктарга бай жана оор мүнөздө болду. Тагыраагы, кар көп жаап, алтургай көчкү түшүп, тоодон таштар кулап, кырсыктар көп болду. АКШ, Кытай, Түркия баштаган өлкөлөрдөн жалпы 52 атактуу альпинист К2 бийиктигин багынтууга Пакистандын өкмөтүнөн уруксат алган. Анын ичинен аталган бийиктикке 12 гана киши чыктык. Өкүнүчтүүсү, 12 кишинин ичинен 3 адам бул жарыкчылык менен коштошуп кетишсе, Сингапурдан келген альпинист экөөбүз гана кычкылтек колдонбостон чокуну багындырдык. Анығында август айында К2ге эч ким чыкчу эмес. Бирок, 11-августта аба ырайы эки күнгө гана ачылып, ошондо гана чокуга чыгууга шарт түзүлдү. Дагы бир баса белгилөөчү жагдай, бул экспедициянын алгач вице-капитаны, 7000 метр бийиктиктен соң капитаны мен болуп, ийгиликтүү чыгып келдик.

Белгилей кетсек, Эдуард Кубатов Эверест чокусун 2021-жылы багындырган. Ал дүйнөдөгү эң бийик чокуну багынткан экинчи кыргызстандык болуп калды. Биринчи жолу 1997-жылы Дмитрий Греков чыккан. Жалпы жонунан Эдуард Кубатов бийиктиктеги 52 чокуну багындырса, 8000 метр бийиктиктеги улуу тоолордун арасынан К2 алтынчы тоо болуп эсептелет. Советтер Союзунан бери Пакистандагы эң оор, чоң долбоор катары саналган К2 чокусун багындырууга кыргыз экспедициясы 4 ирет аракет кылганы менен бири да ийгиликтүү болгон эмес. Айрымдары чокуда калып калышкан. Мындай ийгиликти бүгүн кыргыздын чыйрак альпинисти багындырды. Ал – Эдуард Кубатов! Соңку жеңишин ал өлкөбүздүн алдыдагы Эгемендүүлүк майрамынын урматына жана кыргыз элинин каза болгон альпинисттеринин жаркын элестерине арнаганын жашырбады.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Майда, бирок маанилүү

## КАМСЫЗДАНДЫРУУ КАНДАЙ ЖҮРҮП ЖАТАТ?

Кыргызстанда жалпы турак жайдын 30 пайызга жакыны камсыздандырылды. Бул тууралуу “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” билдирди. Анда өлкөдө жалпысынан 1 миллион 251 миң 515 турак-жай болсо, анын 29% же 372 миң 213ү камсыздандыруу полисин алганы маалымдалган. Камсыздандырылган үйлөрдүн көбү Жалал-Абад, Ош, Талас облустарында жайгашкан.

## 500 МИҢДЕН АШЫК АДАМ КРЕДИТ АЛДЫ

Микрокредиттик уюмдар ушул жылдын 6 айында 40 миллиард сомдон ашык насыя берди. Улуттук статистикалык комитети жалпысынан 500 миңден ашык адам кредит алганын маалымдады. Баса белгилей кетүүчү жагдай, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу берилген насыянын көлөмү 34%га көп болгон. Бишкек, Ош, Жалал-Абад жана Чүй облустарынын тургундары микрокредитти көп алышкан. Каражаттын 60%дан ашыгы керектөө муктаждыктарына берилген. Акча ошондой эле айыл чарба, соода жана коомдук тамактануу тармагындагы ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө жумшалган.

## КАЗА БОЛГОН ЖУБАЙЫНЫН ЖАНЫНАН ЖАЙ АЛУУГА БОЛОТ

Мындай токтомго Министрлер Кабинетинин Башчысы Адылбек Касымалиев кол койду. Ага ылайык, көрүстөндөгү жайды жубайы нике күбөлүгүн негизинде алдын ала ээлеп коюуга болот. Арыз "Түндүк" системасы аркылуу берилип, брондоо мөөнөтүн узартуу укугу менен 10 жылды түзөт. Эгер ал жайды сатууга аракеттер байкалса, келишим жокко чыгат. Брондоо баасы эсептик көрсөткүчкө жараша: Бишкекте 100 000 сом, облустук маанидеги шаарларда 75 000 сом, райондордо жана айылдарда 50 000 сом деп бекитилген. Мындан тышкары, кошумча кызматтар үчүн коэффициент кошулат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ВЕРНИСАЖ

**Жаныбек СҮЙҮНБЕКОВ, сүрөтчү:**

# «СҮРӨТ – ЖҮРӨКТҮН ТИЛИ»

Маектешим Жаныбек Сүйүнбеков дүйнөнүн импрессионист сүрөтчүлөрүн жактырып, көбүнчө Клод Моне, Винсент ван Гог, Илья Ефимович Репин, Эдуард Мане, Фешиндин чыгармаларынан шыктанат. Дүйнөнүн бир канча өлкөлөрүндө болуп, тажрыйба топтоп, жараткан ийгиликтери үчүн бир нече грамота, сыйлыктар менен сыйланган. Сүрөт тартууда май боёкту колдонот. Үч жолу жеке сүрөт көргөзмөсүн өткөрүп, анда тарткан эмгектери элге тартууланган. "Чет мамлекетке чыгуу сүрөтчүлөр үчүн маанилүү. Барган жериндин эли, тарыхы, маданияты менен таанышып, сүрөтчүлөр менен тажрыйба алмашуу эмне деген табылга. Мен ошондой максаттарды көздөп барган өлкөлөр – Россия, Кытай, Түркия, Украина, Грузия, Казакстан, Өзбекстан, Азербайжан, Түркмөнстан, Беларусь, Молдова жана башка өлкөлөр. Ар биринен өзүнчө өзгөчө тажрыйба алдым" – дейт ал.



**- Жаныбек мырза, алгач өзүңүз туурасында айтып берсеңиз, сүрөтчүлүк – кесибиңизби же хоббиңизби?**

- Өзүм Таластын Акбашат айылында жарык дүйнөгө келгем. Учурда кыргыз сүрөтчүлөр союзунун мүчөсүмүн. Үч баланын атасымын. Бул улуу өнөргө али мектеп босогосун аттай электе эле кызыгып келгем. Кийин – ал кесипке айланды. Сүрөтчүлүктөн башка деле өнөрлөрүм бар, бирок алар деле ошол эле сүрөткө байланган өнөрлөр. Мисалы, чийме чийип, дизайн тартып, жыгач жана темир устачылык сыяктуу өнөрлөр менен алектенем. Сүрөтчү болбосом, ким болмокмун, элестете да албайм. Бул тармакка менин келип калганымдын себеби, атам сүрөттү жакшы тарткан уста. Апам дагы оймо чийип, кийиз шырдак шырыган өнөрлүү айым. Үйдө 8 бир туугандын кенжесимин. Агаларымдын бардыгы сүрөт тартышат. Алардын ичинен Урмат агам Сүрөт академиясын аяктап, сүрөтчү-дизайнер адиси. "Аганы көрүп, ини өсөт" дегендей, агамдын жолун жолдоп мен дагы бул тармакта билим алып, сүрөтчүлүктү аркалап кеттим.

**- Кайсы багыттагы, кандай жанрдагы сүрөттөрдү тартасыз жана жакшы сүрөттүн адамга таасири канчалык?**

- Сүрөт – мен үчүн жан дүйнөмдү чагылдыруу жана ошондой эле табият менен байланышуу. Мен пейзаж жана натюрморт жанрларын тандап, ушул багытта иштеп жүрөм. "Жакшы картина сөз айтпайт, бирок ал жүрөккө сүйлөйт" дегендей, адамдын жан дүйнөсүн козгогон сүрөттөр кээде миңдеген сөздөн күчтүүрөөк болот. Ошондуктан, сүрөт – жүрөктүн тили деп түшүнөм. Жакшы тартылган сүрөт адамга терең жана ар тараптуу таасир берет. Ал адамды жашоо, табият же жан дүйнө жөнүндө ой толгоого түртөт. Бул адамдын аң-сезимин тереңдетет. Ошондой эле адамдын эстетикалык сезимин өстүрөт, сулуулукту, кооздукту көрө билүүгө, аны байкоого үйрөтөт. Мен кыргыз сүрөтчүлөрүнөн Гапар Айтиев менен Суймөнкул Чокморовду баалайм.

**- Сүрөтчүлүк менен байыса болобу, дегеле бүгүнкү күндө сүрөтчүлөрдүн жашоосу кандай?**

- Жараткан эмгектерибизди сатабыз жана ошондой эле буйрутма дагы алып тартабыз. Кымбатчылык болуп жашоо оор дегенибиз менен, ошого жараша элдин тапканы дагы салыштырмалуу алда канча жогору. Анын үстүнө сүрөттөрүбүздү көбүнчө чет элге сатабыз. Менин байкоомдо учурда сүрөтчүлөрдүн жашоосу жакшы. Себеби, азыр сатуу оңой болуп калды. Интернет, социалдык тармактар аркылуу кайсы өлкөгө болбосун эмгектеринди сата аласың.

**- Сүрөтчүлөр көп сүйлөбөй, түнт келишет дешет?**

- Ооба, бул – алардын көп ойлонуп, өзүлөрүнүн чыгармачылыктары менен жеке бетме-бет калгандыгынан болсо керек. Жеке мен – ачыкмын. Адамдар менен тез тил табышкан, оюмду тартынбай түз айта билген, тамашакөй адамдардын катарын толуктайм. Анткен менен менин деле көңүлгө туура келбеген адамдар менен сүйлөшө албаган жайым бар.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

КИТЕПКЕ ОЙ

# ШАХМАТ КӨЧМӨНДӨРДҮН ОЮНУБУ?..




Чындап келгенде шахмат кимдерге таандык экенин, кайсыл элдин энчилүү оюну экенин так далилдеп берген эч ким жок. Индиялыктарга таандык делген маалыматтар басымдуулук кылат. Бирок анын деле так далили жок. Качан ойлонуп табылганы жөнүндө эч бир маалымат жазылып калган эмес. Демек, талаштуу маселе дей берсек да болот.

Бул боюнча журналист-педагог, коомдук активист Курманбек Турумбековдун "Шахмат көчмөндөрдүн оюну" аттуу китеби жарык көрдү. Автор шахмат оюну көчмөндөрдүкү деп, тарыхына, айрым бир дал келүүлөргө таянып далилдегиси келиптир. Анын пикирине караманча кошулбай коюуга негиз жок. Бул оюндун кайсы элге, ким деген генийге таандык экенин эч ким билбейт. Демек, ар ким өз көмөчүнө күл тартып талашып көрсө эмнеге болбосун?


Анда автордун шахматтын аталышы боюнча оюна көңүл буралы: *"Шахматтын алгачкы аталышы дагы ар түрдүүчө айтылып жүрөт. Чатуранг деген аталышы көбүрөөк айтылып келет. Аны айрым элдер өз тилдерине жакындатып, биздин бабалар менен байланышы бар дешүүдө. Кийинки кездерде орустун изилдөөчүлөрү чатуранг деген орустун четыре деген сөзүнөн алынган болуш керек, алгач чатурангды төрт адам ойногон деген божомолдорду айтып жүрүшөт. Биздин оюбузча көчмөндөрдө айтылган шантраж, чатраш деген сөздөрдүн эле индиядагы жашаган элдердин тилине ылайыкталып айтылып калган аталышы десек эмнеге болбосун».*

К.Турумбеков, шахматты баштаарда сөөк ыргытып, кимдин жүрүшү кеектигин аныктаган деген маалымат таап алыптыр: *"Персиялык тарыхчы Бируни өзүнүн 1030 -жылдардагы Индия тууралуу эмгегинде чатурангды төрт адам ойногондугу тууралуу жазып кеткен. Анда оюнчулар ойнолуучу сөөктү ыргытуу менен кайсы оюнчу кандай фигураны жүргүсү аныкталган деп жазган эмгеги дагы көп суроолорду жаратат. Мисалы, "ал ыргытып ойногон сөөк эмне болгон сөөк?" деген суроо туудурат.*

*Көчмөндөр, анын ичинде кыргыздар, кыпчактар чүкө ойношкон. Чүкөнү ыргытты деген, аны терең изилдебеген изилдөөдөн келип чыккан. Чүкөнү көчмөндөр өкчөө деп айтышат. Өкчөгөндө чүкө айкүрүнөн консо, ал биринчи болуп оюнду баштайт. Андан кийин таа түшкөн, кийинкиси – бөк түшкөнү акыркысы болуп, чик түшкөн оюнчу ойноойт. Жанагы сөөктү ыргытуу менен кезектешип ойношкон дегендин так, даана эрежеси ушундай. Бул эреже бүгүнкү күндө дагы кыргыздардын чүкө оюнунда сакталуу.»*

Эгерде сөөк ыргытууга байланышкан жайы бар болсо, автордун айтканында данек бар. Ошону менен бирге эле "Манас" эпосунда айтылып келген "Чатыраш ойноп чатырап" деген мына ошол шахмат болуу керек деген оюн кошумчалайт.

Бул оюнду Индиядан эле чыкты дей турган болсок да шахматка көчмөндөрдүн катышы жок деп так кесе айтууга болбойт дейт автор: *"Биздин заманга чейин көчмөндөр Түндүк Чыгыш Индияга барганы жана ал жерде туруп калып ошол жерде жашаган элдер менен аралашып кеткени тууралуу тарых тастыктап турат. Бардык тарыхый булактарда көчмөн Арийлер барганы айтылып, бүгүнкү күндө Арийлер биздин түпкү тегибиз дегендер өз аргументтерин жазып чыгара башташты. Биз бул жерде алар тууралуу талашкыбыз келбейт. Болгону Түндүк Чыгыш Индияга көчмөндөрдүн барганы тарыхый чындык экенинен так маалымат бар экендигин гана айтып жатабыз".*



Теринин үстүнө шахмат тактасын ушундай кылып чийип алышкан

Ал эми автордун "шах, мат" деген сөздөргө өзүнчө далили бар: *"Шах деген өтө эбегейсиз зор, күчтүү дегенди билдирет. Кыргыз тилчилери "шах" деген сөз "шаа" деген сөздөн келип чыккан деп далилдеп келишет. Кыргыз-кыпчак говорунда "шаа" деген сөз айтылып жүрөт. Мисалга, шаа мүйүздүү аркар деп айтылат. Ал деген бул аркардын мүйүзү эбегейсиз зор, өтө чоң дегенди билдирет. Ошондон улам шах деген сөз өтө күчтүү, эбегейсиз бийликке ээ деген маанини билдирип турат.*

*Мат деген сөз дагы түрк тилиндеги эле сөздөрдүн бири. Өзгөчө кыргыз-кыпчак говорунда кеңири кездешет. "Мат" деген сөз "матоо" деген сөздөн алынган сөз. Матоо, матап коюу деген эч жакка чыгарбай жолун тосуп койду, курчап алды дегенди түшүндүрөт. Королду матап эч жакка качырбай, бардык жагынан курчап тосуп салды деген түшүнүк турат. "Матоо" деген сөз бүгүнкү күндө деле кыргыздарда кездешет."*

Автор андан ары шахматтын фигуралары, жүрүштөрү, эмнеден жасалганы, алардын көчмөндөргө кандай тиешеси бардыгы боюнча ойлорун ортого салган. Аскердик машыгууларды бир бөлүгү өңдөнгөн көк бөрүнү, акыл-эс таймашын аныктаган тогуз коргоолду ойлоп тапкан эл, балким автор айткандай шахматты да ойлоп тапкандыр. Так далили жок. Бирок, жоромолдору бар. Эл деген эл эмеспи, эл арасында бул жагын изилдеп жүргөн адамдар да болушу ыктымал. Андыктан ой бөлүшкүлө, урматтуу окумандар.

**Курманбек РЫСПАЕВ**

# БАЛАНЫ ШАХМАТКА БЕРИҢИЗ

Шахмат оюну акыл-эсти, стратегияны, сабырдуулукту калыптандырып, проблемаларды чечүү жөндөмүн өнүктүрөт. Интеллектуалдык деңгээлдин өсүшүнө өбөлгө түзөт. Мектептеги жетишкендикке да оң таасирин тийгизет. Шахмат өмүр бою акылды машыктырып турат. Балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, маселелерди чечүү жөндөмүн жакшыртат. Сабырдуулукка тарбиялайт. Шахматтагы ар бир жүрүштү ойлонуп жасоо – баланы шашпай ойлонууга, көңүлдү топтоого үйрөтөт.

Эсте сактоо жөндөмүн өнүктүрөт. Ар кандай шахматтык жүрүштөрдү, стратегияларды эсте сактоо аркылуу эс тутум жакшырат. Балдар өз жүрүштөрүн гана эмес, атаандашынын да жүрүшүн алдын ала ойлонууну үйрөнүшөт. Жеңиштер аркылуу бала өзүнө ишенип, ийгиликке жетүүгө умтулат. Жашоодо өзүнө ишеним пайда болот. Мындан сырткары жеңилүүлөрдү туура кабыл алууга, сабырдуулукка үйрөнөт. Бул көндүм окууда жана жашоодо абдан пайдалуу. Ошондой эле шахмат мектепте же клубда балдар менен достошууга шарт түзөт. Бири-бирине урмат менен мамиле кылууга, оюн эрежесин сактоого үйрөнүшөт.

Баланын кызыгуусун күчөтүү үчүн шахматты оюн катары көрсөтүп, кыска жана жөнөкөй оюндар менен баштоо зарыл. Ал бул нерседен ырахат алышы керек. Эгер бала чарчап же көңүлү чөксө, мажбурлабастан тыныгуу бериңиз. Кыскача айтканда шахмат – бул жөн гана оюн эмес, бул баланын мээсин машыктырган, анын келечек жашоосунда керектелүүчү көптөгөн көндүмдөрдү калыптандырган пайдалуу курал.

Балдарды шахматка үйрөтө баштоо үчүн эң ылайыктуу курак – 4 жаштан 7 жашка чейин. Бирок бул баланын өзүнүн өнүгүү деңгээлине жараша болот. Кээ бир балдар 3 жаштан эле шахмат фигураларын таанып, жөнөкөй жүрүштөрдү түшүнө алышат, ал эми айрым балдарга 6–7 жашта баштоо ылайыктуу болушу мүмкүн. Эң негизгиси – кызыгууну ойготуу жана позитивдүү мамиле жаратуу. Шахматты үйрөтүүдө оюн-зоок менен айкалыштыруу жакшы натыйжа берет.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 18-ДЕКАБРЫНДАГЫ №819 "КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНАКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ, АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮКТӨРДҮ ЖАНА ТРАКТОРИСТ-МАШИНИСТТИН КҮБӨЛҮКТӨРҮН БЕРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Айдоочулук күбөлүктөрдү берүүдө административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 "Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринде:

– 8-пункттагы "дипломдун нотариуста күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн" деген сөздөр "дипломду" деген сөзгө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №509***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 11-НОЯБРЫНДАГЫ №596 "ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ, УЮМДАРЫНДА КЕСИПТИК ПЕДАГОГДУК ЖАНА ОКУТУУ-МАШЫКТЫРУУ ИШИН ЖҮРГҮЗГӨН АДАМДАРДЫ ЭСЕПКЕ АЛЫП КАТТООНУН ТАРТИБИН, ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТТУН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНЫНДА ЭСЕПКЕ АЛЫНЫП КАТТООДОН ӨТКӨНДҮГҮ ЖӨНҮНДӨ КҮБӨЛҮКТҮН ФОРМАСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу максатында, ошондой эле ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүүнү ишке ашыруунун алкагында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №596 "Дене тарбия жана спорт мекемелеринде, уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзгөн адамдарды эсепке алып каттоонун тартибин, дене тарбия жана спорттун ыйгарым укуктуу органында эсепке алынып каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн формасын бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Дене тарбия жана спорт мекемелеринде жана уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзгөн адамдарды эсепке алып каттоонун тартибинде:

– расмий тилдеги аталышында "деятельностью" деген сөздөн кийин "в учреждениях и организациях физической культуры и спорта" деген сөздөр менен толукталсын;

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Дене тарбия жана спорт мекемелеринде жана уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзүүнү каалаган адам төмөнкү документтерди берүү менен дене тарбия жана спорттун ыйгарым укуктуу органына арыз берет:

– паспорттун көчүрмөсү же анын "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы аналогу;

– дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн "Дене тарбия жана спорт" адистиги боюнча жогорку же орто кесиптик билимин ырастаган дипломдун же башка документтин көчүрмөсү;

– дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн спорттук наамы же спорттук разряды жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;

– соттуулугу жоктугу тууралуу маалымат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №510***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 5-НОЯБРЫНДАГЫ №666 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ФОНДУ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУН ТҮЗҮҮ ЖАНА ИШТЕТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында инвестициялык долбоорлорду натыйжалуу ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-ноябрындагы №666 "Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду" ачык акционердик коомун түзүү жана иштетүү маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду" ачык акционердик коомунун Уставында:

– 37-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"37. Фонд ушул Уставдын талаптарына ылайык товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу эрежелерин бекитүүгө укуктуу.

Фонд Фонддун Директорлор кеңеши тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык Фонддун ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде эл аралык сатып алууларды жүргүзө алат.";

– 43, 44-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"43. Уставдык капитал Фонддун акцияларынын жалпы номиналдык наркына барабар жана 1 001 000 000 (бир миллиард бир миллион) сомду түзөт.

44. Фонддун уставдык капиталы 10 010 000 (он миллион он миң) даана жөнөкөй энчилүү акцияларга бөлүнгөн, алардын ар биринин номиналдык наркы 100 (жүз) сомду түзөт.";

– 51-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"51. Фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мурдагы чыгарылышты жайгаштыруунун жыйынтыктары катталгандан кийин гана акцияларды кошумча чыгарууну жүзөгө ашырууга укуктуу. Уставдык капиталдын өлчөмү кошумча акцияларды чыгаруу жана жайгаштыруу жолу менен көбөйтүлүшү мүмкүн. Фонддун уставдык капиталын көбөйтүү же азайтуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.";

– 72-пункттун биринчи абзацындагы "кем эмес" деген сөздөр "көп эмес" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 91-пункттун 26-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"26) Фонддун сатып алууларын уюштуруу жана жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү;";

– 126-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"126. Фонддун башкармасы Фонддун коллегиялуу аткаруучу органы болуп саналат. Фонддун жалгыз акционеринин чечими боюнча Фонддун аткаруучу органы жалгыз болушу мүмкүн. Эгерде Фонддун аткаруучу органы жалгыз болуп саналса, ага ушул главанын жоболору тиешелүү түрдө колдонулат.";

– 127-пункттагы "Башкарма" деген сөз "Башкарма же жалгыз аткаруучу орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 135-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Эгерде Фонддун аткаруучу органы жалгыз (башкы директор) болуп саналса, башкы директор бир орун басарды дайындайт, ал башкы директор жок болгон учурда анын милдеттерин аткарат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №511***

## АЙМАКТАРДА



### ТӨӨ БУУРЧАК ЭКСПОРТТОЛУУДА

Таласта өстүрүлгөн нирвана сортундагы төө буурчак дүйнөнүн 30дан ашык өлкөсүнө экспорттолууда. Бул тууралуу Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинен билдиришти.

Маалыматка ылайык, быйыл Талас районунда жалпысынан 12 183 гектар аянтка төө буурчак айдалып, өткөн жылга салыштырмалуу 319 гектарга көп болду.

Район аймагында төө буурчактын төрттөн ашык түрү өстүрүлүп, учурда түшүм жыйноо кызуу жүрүп жатат. Айыл аймактарында түзүлгөн МТС ишканалары жана жеке менчик техникалардын жардамы менен жыйноо иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө.

Орто-Арык айылынын тургундары быйыл төө буурчактан жакшы түшүм алышууда. Айылдын тургундарынын бири 1,5 гектар жерге нирвана сортундагы төө буурчак айдап, ар гектарынан орточо эсеп менен 1,5 тонна түшүм алууда.

Анын айтымында, төө буурчактын базар баасы учурда 105-110 сомдон болууда. Жыйноо иштери трактор менен жүргүзүлүп, 2 гектар жердин түшүмүн 5 миң сомдон чогултуп беришүүдө.

Быйыл абанын ысык болушуна байланыштуу түшүм жыйноо иштеринин башталышы мурунку жылдарга салыштырмалуу 15-20 күнгө эрте башталды.

### СҮТ ЖАБДЫКТАРЫ БЕРИЛДИ

Бүгүн Нарын облусунун фермерлерине жалпы наркы 3 млн 92 миң сомдук сүт жабдыктары тапшырылды.

Президенттин аймактагы өкүлчүлүгүнөн билдиришкендей, бул Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган "Туруктуу агроазык-түлүк кластерлерин өнүктүрүү" долбоорунун алкагында ишке ашырылды. Анын ичинде 33 даана сүт саачу аппарат жана 349 даана атайын мал алдына төшөөчү желим килемчелер бар.

Иш-чарага Президенттин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Нурбек Сатаров, Агробизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк борборунун директору Төрөгул Беков жана фермерлер катышты.

Жабдыктар сүт секторундагы фермерлердин ишин жеңилдетүүгө жана өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга өбөлгө түзмөкчү.

### БАЛА БАКЧА КУРУЛУУДА

Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Курбан-Кара айылында 100 орундуу бала бакча курулууда. Курулуш министрлигинен билдиришкендей, курулушу 2024-жылы башталган объект республикалык бюджеттен каржыланууда.

Долбоорго ылайык, эки кабаттуу имаратта көмүр сактоочу жайы менен откана, оюн аянтчалары жана заманбап шарттар каралган. Жалпы аянты 936,08 чарчы метрди түзөт. Бүгүнкү күндө бала бакчанын пайдубалы тургузулду.



### 6 ЧАКЫРЫМ ЖОЛ АСФАЛЬТТАЛДЫ

Базар-Коргон – Бешик-Жон жолунун 6 чакырымына асфальт төшөлүп, жол сызыктары чийилди. Транспорт жана коммуникациялар министрлигинен билдиришкендей, жол куруу иштери "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасы тарабынан жүргүзүлдү.

Айыл аралык каттамдарды жакшыртууга, унаа кыймылынын коопсуздугун жогорулатууга багытталган жол курулуш иштери бардык нормаларга ылайык аткарылды.



### МЫЙЗАМСЫЗ КУРУЛУШТАР

Ош–Баткен жолунун боюндагы 26 мыйзамсыз курулуш бузулду.

Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматынын Баткен облусундагы аймактык башкармалыгы тарабынан Кадамжай районуна караштуу Арпасай, Айрыбаз айылдарындагы Ош–Баткен унаа жолунун коргоочу тилкесиндеги мыйзамсыз курулган 26 объектинин ээлерине буга чейин түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, эскертмелер берилген.

Бирок, эскертүүдөгү талаптар белгиленген мөөнөттө аткарылбагандыгына байланыштуу мыйзамды сактабаган жарандардын курулуштары атайын техниканын жардамы менен бузулуп, баштапкы калыбына келтирилди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 24-ИЮНУНДАГЫ №334 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУ ЖАНА ТАМАК-АШ БОЮНЧА КЕҢЕШИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Калкты биринчи керектелүүчү азык-түлүк товарлары менен камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №334 "Кыргыз Республикасынын Азык-түлүк коопсуздугу жана тамак-аш боюнча кеңешин түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемесинде:

– 7-пункттун алтынчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 12-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Кеңештин мүчөлөрү Кеңештин жыйналыштарына жеке катышат. Жыйналышка катышуу мүмкүн болбогон учурда Кеңештин мүчөлөрү бул жөнүндө Кеңештин төрагасына маалымдайт.

Кеңештин жыйналыштары Кеңештин төрагалык кылуучусу жана мүчөлөрү, ошондой эле башка мамлекеттик органдардын жетекчилери тарабынан санариптик платформаларды пайдалануу менен онлайн режимде өткөрүлүшү мүмкүн.

Кеңештин кезексиз жыйналыштары Кеңештин төрагасынын чечими боюнча өткөрүлөт.

Азык-түлүк коопсуздугун жана тамактанууну камсыз кылуу боюнча оперативдүү чараларды көрүү максатында Кеңештин жыйналыштары аралык (онлайн) режиминде өткөрүлүшү мүмкүн жана Кеңештин жыйналышында кабыл алынган чечимдер сурамжылоо жолу менен макулдашылат.";

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 3-тиркемесинде:

– биринчи абзацта "РСК Банк" деген сөздөр "Элдик Банк" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №498***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 13-ЯНВАРЫНДАГЫ №18 "2025-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛГЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЙМЫЛДУУ МҮЛККӨ ТАЛАП УКУКТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыймылдуу мүлккө талап укуктарын мамлекеттик каттоо жол-жоболорун оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-январындагы №18 "2025-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасында кыймылдуу мүлккө талап укуктарын өнүктүрүү концепциясын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында жана 1-пунктта "2025-жылга" деген сөздөр "2030-жылга" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген 2025-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасында кыймылдуу мүлккө талап укуктарын өнүктүрүү концепциясында:

– аталышында "2025-жылга" деген сөздөр "2030-жылга" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №500***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №258 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекетке материалдык зыян келтирген жана кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды эсепке алуу, коррупцияны алдын алуунун ички системасынын иштешин камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №258 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жободо:

– 8-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"– мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалыматтар базасын жүргүзүү;

– Мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестрин түзүү, жүргүзүү, өзгөртүү жана толуктоо;";

– 12-пунктта:

төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"– коррупцияны алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чараларды көрбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик тартат;";

төмөнкүдөй мазмундагы он тогузунчу абзац менен толукталсын:

"– белгиленген тартипте кызматчыларга жана башка адамдарга "Нарктуу кызматчы", "Нарктуу жетекчи" деген социалдык статустарды ыйгарат;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-августу, №501***

## МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ БАШКАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү административдик жол-жоболорду оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 12-сентябрындагы №624 "Мамлекеттик мүлктү андан ары сатып алуу менен башкарууга берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү андан ары сатып алуу менен башкарууга берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жободо:

– 21-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Документтер электрондук почта же башка байланыш каражаттары аркылуу санариптик форматта, анын ичинде башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан мындай документтерди алуу мүмкүнчүлүгү болсо, "Түндүк" электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу берилиши мүмкүн. Санариптик жана санариптештирилген документтерди берүү тартиби мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.";

– жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемесинде:

1-пунктта:

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– уюштуруу документтеринин белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;";

сегизинчи абзацтагы "нотариус күбөлөндүргөн" деген сөздөр алып салынсын;

2-пункттун үчүнчү абзацындагы "нотариус күбөлөндүргөн" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 26-мартындагы №168 "Мамлекеттик менчикти менчиктештирүүнүн жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик менчикти конкурска коюп сатуу ыкмасы менен менчиктештирүү жөнүндө жободо:

– 19-пункттун төртүнчү абзацындагы "нотариалдык күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 19[1]-пункт менен толукталсын:

"19[1]. Документтер электрондук почта же башка байланыш каражаттары аркылуу санариптик форматта, анын ичинде башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан мындай документтерди алуу мүмкүнчүлүгү болсо, "Түндүк" электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу берилиши мүмкүн. Санариптик жана санариптештирилген документтерди берүү тартиби мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.";

– жогоруда аталган Жобонун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда берилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 13-августундагы №370 "Аукциондо сатуу жана кийинки сатып алуу ыкмалары менен мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кийинки сатып алуу менен ижарага берүү ыкмасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө жободо:

– 10-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Документтер электрондук почта же башка байланыш каражаттары аркылуу санариптик форматта, анын ичинде башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан мындай документтерди алуу мүмкүнчүлүгү болсо, "Түндүк" электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу берилиши мүмкүн. Санариптик жана санариптештирилген документтерди берүү тартиби мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.";

– жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемесинде:

1-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– уюштуруу документтеринин белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;";

алтынчы абзацтагы "нотариалдык күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы №535 "Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө жободо:

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Аукционго катышуу үчүн арыз ээси маалыматтык билдирүүдө белгиленген мөөнөттө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкү документтерди берет:

1) мамлекеттик менчикте турган жер участогуна ижара келишимин түзүү укугуна аукционго катышууга арыз, ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча;

2) кепилдик төгүмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанция;

3) темир жол тармагын өнүктүрүүгө багытталган имараттарды, курулмаларды долбоорлоо, куруу жана аларды эксплуатациялоо үчүн жер участогу берилген учурда шаар куруу-архитектуралык документтер;

4) жеке жактар үчүн – Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү;

5) юридикалык жактар үчүн:

– юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;

– уставдын жана уюмдаштыруучу келишимдин көчүрмөлөрү;

– салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (болсо);

– юридикалык жактын атынан чыгууга жана тийиштүү бүтүмдөрдү жасоого ыйгарым укук берген өкүлдүн атына ишеним кат;

6) эгер арыз юридикалык жактын жетекчиси (жеке аткаруу органы) тарабынан берилсе, жетекчиге ижара келишимин түзүүгө укук берген документ, ошондой эле анын кызматтык абалын күбөлөндүргөн документ талап кылынат;

7) эгер юридикалык жак тандалган коллегиалдуу аткаруучу орган тарабынан башкарылса жана ижара келишимин түзүүгө ушул органдын макулдугу жөнүндө документ – ижара келишимин түзүүгө органдын макулдугун тастыктаган тийиштүү чечим талап кылынат;

8) өкүлдүн ким экендигин ырастоочу документтин көчүрмөсү (аукционго катышуу үчүн каттоо учурунда түп нускасын жеке өзү берет);

9) ыйгарым укуктуу салык органынын учурдагы айда карызынын жоктугу жөнүндө маалымкаты.

Документтер санариптик форматта же болбосо башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан мындай документтерди алуу мүмкүнчүлүгү болсо, "Түндүк" электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу, ошондой эле нотариаттын бирдиктүү маалыматтык системасы аркылуу берилиши мүмкүн. Санариптик жана санариптештирилген документтерди берүү тартиби ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.".

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-августу, №503***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨРҮСТӨНДӨРҮНДӨ КӨМҮҮ ЖАЙЛАРЫН БРОНДОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-августу, №502***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ-ТАЖИК ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 8-июлунда Дүйшөмбү шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-тажик өкмөттөр аралык кеңешти түзүү жөнүндө тиркелген макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашууну ишке ашырууга жоопту орган болуп аныктался ын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуу күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө тажик тарапка кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №504***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 24-ОКТЯБРЫНДАГЫ №748 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОО ИШТЕРИНИН РЕГЛАМЕНТИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №748 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлоо иштеринин регламентин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлоо иштеринин регламентинде:

9-пунктта:

– төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"– Элдик Курултайдын сунуштарынын;";

– төмөнкүдөй мазмундагы онунчу абзац менен толукталсын:

"– колдонуудагы мыйзамдарга жүргүзүлгөн мониторингдин жана баалоонун натыйжаларынын.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №505***

## АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНЫБАРЛАРЫН (ИРИ МҮЙҮЗДҮҮ МАЛДЫ, ЖЫЛКЫЛАРДЫ, КОЙЛОРДУ ЖАНА ЭЧКИЛЕРДИ) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына базар бааларын турукташтыруу максатында, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөрдү кошпогондо, ЕАЭБ ТЭИ ТН 0102 коду менен классификацияланууучу ири мүйүздүү малды, ЕАЭБ ТЭИ ТН 0101 коду менен классификацияланууучу жылкыларды, ЕАЭБ ТЭИ ТН 0104 коду менен классификацияланууучу койлорду жана эчкилерди Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин:

- Кыргыз Республикасы аркылуу транзитти;
- мелдештерге катышуу үчүн спорт жылкыларын;
- чет мамлекеттерге, эл аралык уюмдарга же айрым адамдарга белекке берилүүчү жылкыларды.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн айыл чарба жаныбарларын мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №506***

## 2017-ЖЫЛДЫН 5-СЕНТЯБРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ РЕГИОНДОР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 10-июнунда Ташкент шаарында кол коюлган, 2017-жылдын 5-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Региондор аралык кызматташуу жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу протокол бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жогоруда аталган Протоколду ишке ашырууга жоопту орган болуп аныктался ын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги өзбек тарапка жогоруда аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №507***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН УЛУТТУК ПАСПОРТТОРУНУН АЙРЫМ ТИПТЕРИН КИРГИЗҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү паспортун (ID-карта), Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортун киргизүү максатында, "Тышкы миграция жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2024-жылдын үлгүсүндөгү паспортторун (ID-карта), Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2023-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортторун берүү ушул паспорттордун бланктары аяктаганга чейин жүргүзүлөт деп;

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү паспортторун (ID-карта), Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортторун берүү Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2024-жылдын үлгүсүндөгү паспортторун (ID-карта), Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2023-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортторунун бланктары аяктагандан кийин жүргүзүлөт деп.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесине Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү паспортторун (ID-карта), Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортторун жекелештирүүгө ыйгарым укук берилсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө жободо:

– 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) – Кыргыз Республикасынын жаранынын ким экендигин күбөлөндүрүүчү жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына тиешелүүлүгүн ырастоочу тексттик, графикалык, машина менен окула турган жана электрондук түрдөгү маалыматы, паспорттун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналган, киргизилген электрондук чиби бар документ. ID-карта Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде колдонулат;

– Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту – Кыргыз Республикасынын жаранынын ким экендигин күбөлөндүрүүчү жана Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Кыргыз Республикасынын жарандыгына тиешелүүлүгүн ырастоочу, Кыргыз Республикасына(н) кирүүгө/чыгууга укук берүүчү, тексттик, графикалык, машина менен окула турган жана электрондук түрдөгү маалыматы, паспорттун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналган, киргизилген электрондук чиби бар документ.".

**5.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, "Үчкун" ачык акционердик коому, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №508***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЙМАК ӨНҮКСӨ – МАМЛЕКЕТ ӨНҮГӨТ

## Ильяс ЖАКШЫМБЕТОВ, Бака
## айыл аймагынын айыл

# “ДАРЫГЕ
# ЖЕТИШС
# БАШКЫ



***Административдик аймактык реформанын негизинде 2024-жылы Бакай-Ата, Наматбек, Миң-Булак айылдарынын курамында Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтү түзүлгөн. Аймакта 5 орто мектеп, 1 музыкалык мектеп, 5 бала бакча, 1 оорукана, 1 үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, 1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 3 ФАП, 1 медициналык пункт, 1 тез жардам пункту, 1 травмалык пункт, 5 дарыкана, 1 маданият үйү, 1 клуб, 1 китепкана жана башка ишкерлик мүнөздөгү чарба субъектилери калкка кызмат көрсөтүп келет. Айыл аймагынын башчысы Ильяс Жакшымбетов менен болгон маегибизде жыл башынан бери жасалган иштер тууралуу пикир алыштык.***

**- Ильяс Тороканович, аймактарда жарым жылдын жыйынтыгын чыгарып, социалдык-экономикалык жактан өнүгүү багыттарын дагы бир жолу аныктап, кемчиликтерди жоюу маселелерин карашууда. Бакай-Ата айыл өкмөтүндө алты айдын жыйынтыгы кандай болду?**

- Ушул жылдын июнь айында Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Бекмурза Ашимовдун жана райондук мекеме-уюмдардын жетекчилери менен биргеликте айыл аймагыбызда элдик жыйын өткөрүп, ишибиздин дурус жана буруш жактарын талкуулаганбыз. Элдик жыйында жалпысынан 24 сын пикир, кайрылуулар, сунуштар айтылып, мына ушул маселелер боюнча иш-чаралар планы бекитилип, азыр аны аткаруунун үстүндө иштеп жатабыз. Негизинен, аймактын инфраструктурасын жакшыртуу, чарбалык, социалдык башка маселелердин тегерегинде сунуш-пикирлер айтылды.

Жыл башынан бери алдыбызга койгон милдет-тапшырмаларды аткарууга жетишип жатабыз. Маселен, жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше бөлүгүнүн аткарылышын карап көрсөк, 2025-жылдын 6 айында план-тапшырма 100% аткарылып, 41 млн 113,2 миң сом киреше өндүрүлгөн. Мунун ичинен салык жана салык эмес кирешелер 23 млн 799,5 миң сомду түзүп, 100%га аткарылды. Айылдардын инфратүзүмдөрүн жакшыртуу боюнча бир топ алгылыктуу иштер жүрүп жатат. 2025-жылдын планына ылайык, мамлекеттик капиталдык салымдар беренеси аркылуу Талас – Калинин – Бакай-Ата автожолунун 2 чакырымын, Миң-Булак – Наматбек автожолунун 1 чакырымын, Бакай-Ата – Үч-Эмчек автожолунун 3 чакырымын асфальттоо каралган. Анын ичинен Бакай-Ата – Үч-Эмчек автожолунун 3 чакырымына асфальт төшөлдү. Талас – Калинин – Бакай-Ата автожолунун калган 2 чакырымында иш кызуу жүрүп жатат. Ошондой эле жергиликтүү бюджеттен 10 200 000 сом бөлүнүп, жалпы узундугу 1054 метрди түзгөн Сталбек, Бообек, Каныбек кайрылыш көчөлөрүн асфальттоо иштеринин 20%ы аткарылып калды. 235 300 сомго көчөлөрдү түнкү жарыктандырууга керектүү материалдар сатылып алынды. Бакай-Ата айылынын ичиндеги коопсуздукту камсыздоо үчүн 250 000 сомго видео камера орнотулду.

Ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо максатында 2025-жылдын түшүмү үчүн айыл аймагында жалпы 238 га аянтка үрөн себилген Анын ичинен 135 га жер аянтына күздүк буудай, 40 га жаздык буудай, 63 га жаздык арпа себилген. Учурда оруп-жыйноо иштери колго алынууда. Түшүм жаман эмес, буйруса дыйкандарыбыздын эмгеги текке кетпей тургандай шарт түзүүгө аракет кылып жатабыз.

**- Мол түшүмдүн кепилдиги, сугат суусу менен үзгүлтүксүз камсыз кылып туруу эмеспи. Аймактын ирригациялык системасы талапка жооп береби?**

- Бакай-Ата айыл аймагында айыл чарба тармагы басымдуулук кылат. Айыл тургундарынын көпчүлүгү дыйкан жана фермердик чарбаларда эмгектенет. Аймакта төө буурчак, картошка, жер-жемиштер, чөп жана буудай өндүрүү басымдуулук кылат. Ошондой эле мал чарбачылыгы да өнүккөн. Негизинен биздин дыйкандарыбыз “Үрмарал” жана “Күмүштак” дарыяларынан суу алат. Бардык агын суулардын негизги бөлүгү талаачылык иштерине жумшалат. Айыл аймагында жалпы 12 канал бар. Каналдардын жалпы узундугу 144 чакырымды түзөт. Мындан тышкары 9 суткалык суу сактагыч (БСР) бар. Анын ичинен 4 (БСР) иштебейт. Быйылкы жылдын алты ай ичинде “Альянс-Алтын” өнүктүрүү фонду тарабынан 2950 тонна дизел отуну бөлүнүп берилип, райондук суу чарба башкармалыгы менен бирге “Жалпактил» каналынан 1100 метр, “Кайназар-2” каналынан 600 метр, «Бөлтөк» каналынан 2100 метр, Миң-Булак айылынан 3500 метр ички арыктары оңдоодон өткөрүлдү. Мындан тышкары ашар ыкмасы менен айыл тургундары тарабынан 14 чакырым ички чарба каналдары тазалоодон өттү. Бүгүнкү күнгө карата айыл аймагындагы айыл чарба жерлери үчүнчү сугат иштеринен толук чыгып, төртүнчү сугат иштери жүрүүдө. Айрым жерлерде төртүнчү сугат иштерин баштashууда.

**- Мал чарбасында абал кандай?**

- Мал чарба тармагындагы абалды туруктуу кармоо максатында ветеринардык тейлөө иштери жүргүзүлүп, жалпылап алганда ветеринардык диагностикалык иштер толук аткарылган. Ал эми малдардын жугуштуу ылаңдарынан диагностикалык иштер боюнча бруцеллез ылаңына каршы 1696 баш ири мүйүздүү малдан, 134 баш жылкыдан кан алынып, 2 уйдан бруцеллез ылаңы, 2 жылкыдан «кээңги» ылаңы аныкталган. Ооруган малдар ветеринардык эрежелердин негизинде союлуп, жок кылынган. Бүгүнкү күндө айыл аймагында эпизоотиялык абал туруктуу.

Анан эми малчылардын жайыт маселесин чечүүдө дагы жакшы иштер жүрүүдө. Маселен, «Күмүштак» өзөнүндөгү жайыт жолдору 32000 сомго оңдолду. Ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга айыл өкмөтүнүн бюджетинен 500 000 сом акча каражаты каралган. Анын ичинен 72000 сомго Үрмарал өзөнүндөгү сел алып кеткен көпүрөлөр жана жолдор оңдолду. Кең-Арал айылында жайгашкан токойдон өрт чыгып айыл өкмөтүнүн күч каражаттары, инженердик техникалары тартылган.

**- Аймакта билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарына шарт түзүү кандай жолго коюлган?**

- Жергиликтүү кеңештин депутаттары, коомчулуктун активдүү өкүлдөрү менен биригеликте айыл өкмөтүнүн администрациясы элибиз муктаж болгон маселени жеринде чечүүгө болгон аракетибизди жасап келе жатабыз. Өткөн жылдын эсебинен түрткү берүүчү грант аркылуу каржылоо үчүн айыл аймагынан 1 долбоор байкоочу кеңеш тарабынан жактырылган. Мына ушул каражатка Бакай-Ата айылындагы “Мээрим” балдар бакчасын толук оңдоо үчүн курулуш жүрүп жатат. Бала бакчага 490 260 сомго эмеректер сатылып алынды.

Ошондой эле республикалык бюджеттин капиталдык салымдар беренеси аркылуу 2025-жыл-











## ...ай-Ата районунун Бакай-Ата ...А өкмөтүнүн башчысы:

# ...РЛЕРДИН ...ИЗДИГИ – ...КӨЙГӨЙ”




га 5 долбоор киргизилип, сметалык долбоорлоо иш кагаздары даярдалып, курулуш иштери башталган. Атап өтсөм, Бакай-Ата айыл өкмөтүндөгү Бердике уулу Нарикбай атындагы 275 орундуу орто мектебинин учурда фундаменти куюлуп бүтүп калды. Ал эми Бакай-Ата айылына жаңы оорукана куруу үчүн учурда долбоордук сметалык документи даярдалууда. Жанчаров атындагы 275 орундуу орто мектебин куруу тендерге берилип, жеңүүчүлөр аныкталууда. Андан башка Бакай-Ата ЖДПБ толук оңдоодон өткөрүү үчүн иш кагаздары такталууда.

Аймагыбызда 29 жогорку билимдүү дарыгер жана 160 орто билимдүү мээрмандар калкыбызга медициналык кызмат көрсөтүшөт. Саламаттык сактоо тармагындагы негизги көйгөй – дарыгерлердин жетишсиздиги. Башкача айтканда, медицина тармагынын адистиктери боюнча жалпы жонунан 23 дарыгер жетишпейт. Алар: үй-бүлөлүк дарыгерлер, онколог, нарколог, кардиолог, окулист, педиатр, лор, хирург, терапевт, акушер-гинеколог жана башка дарыгерлер.

Билим берүү тармагын ала турган болсок, Бакай-Ата айыл аймагындагы В.И.Ленин атындагы №1 орто мектебинин, Бердике уулу Нарикбай атындагы №2 орто мектебинин, Б.Жунусов атындагы №3 орто мектебинин, И.Жанчаров атындагы орто мектебинин, Д.Батырбашиев атындагы Чалдовар орто мектебинин окуучуларынын тамак-ашы үчүн 246 313 сом жумшалды.

2024-2025-окуу жылында 2976 окуучу билим алып, 210 мугалим билим беришүүдө. 2024-2025-окуу жылына карата 16 сабактан мугалим жетишпейт. Алсак, кыргыз класстар үчүн математика, физика, химия, музыка, технология, орус тили жана адабияты, орус класстар үчүн математика, химия, баштальгыч класстарга мугалимдер жетишпейт. Мектептерибиз 78% китептер менен камсыз болушкан. Анын ичинен кыргыз класстар 88% жана орус класстар 67%ды түздү.

2025-жылдын 6 айында облустук деңгээлде уюштурулган райондор аралык көк бөрү оюнуна жаштардын жана улуу муундардын командасы катышып, Улуу муун командасы жана жаштар командасы III орунга ээ болушту. Спорт мектептер арасында спорттун он түрү боюнча “Мен чемпионмун” Республикалык биринчилигинин облустук этабында райондон барган спортчулар тогуз коргоол, волейбол, жеңил атлетика, улуттук күрөш, грек-рим күрөшү, эркин күрөш, дзюдо оюндары боюнча I орунду жана футбол оюну боюнча II орунду ээлешти.

**- Президент Садыр Жапаровдун демилгеси менен “Жашыл мурас” өнөктүгү ишке ашырылып, ошону менен бирге тазалыкка өзгөчө көңүл бурулууда. Айыл аймагында бул иш-чара кандай жүзөгө ашырылууда?**

- Бакай-Ата айыл аймагында “Жашыл Мурас” улуттук өнөктүгүн ишке ашыруу максатында ийне жалбырактуу 20 карагай, 30 туя Наматбек айылындагы жаңы ачыла турган паркты көркө бөлөдү. Арзымат күмбөзүнө 300 даана ак кайың, 300 даана терек жана көчөттөрдүн түрлөрү, жалпы 0,62 га жер аянтына отургузулду. Тактап айтканда жалпы Бакай-Ата айыл аймагына 0,60 га жер аянтына 300 даана кайың, 300 даана терек жана 50 даана туя жана карагай көчөттөрү отургузулду. Айыл өкмөтүнүн бюджетинен 80 000 сом акча каражаты бөлүнгөн, сатылып алынган көчөттөрдүн баасы 90500 сомду түздү.

Ошондой эле райондун аймагында жайгашкан айыл-конуштарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо боюнча райондо үч айлык ишембилик жарыяланган. Жарыяланган үч айлыктын алкагында мекеме-уюмдарда жана айыл аймактарында ар бир жумада ишембиликтерди уюштуруу иштери жүргүзүлүп келет. Райондун аймагында өткөрүлүп жаткан ишембиликтерге райондук мекеме-уюмдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жалпы 1300дөн ашуун адамдар катышып, аткарылган жумуштардын жалпы көлөмү 238,0 миң сомду түздү. 11 тонна таштанды чыгарылып, атайын таштанды таштоочу жайларга ташылды. Аймакта бир айда эки жолу таштанды чыгарылып, болжол менен бир жолу чыгарганда 30 тонна таштанды чыгарылып жатат.

2025-жылдын май-июнь айларында Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын уюштуруу иштери боюнча бөлүм башчысы Э.Окенов келип, Бакай-Ата айылынын борбордук көчөлөрүндөгү эскилиги жеткен баннерлерди жана таштандылардан тазалоо боюнча бир катар тапшырмаларды берип кеткен.

Берилген тапшырмалардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн биринчи орун басары Н.Асылбеков келип, аткарылбаган иштерге токтолгон. Мындан тышкары ыйгарым укуктуу өкүл Э.Джумаевдин катышуусунда дагы рейддер жүргүзүлгөн. Жогорудагы тапшырмалардын негизинде аким Б.Ашимовдун демилгеси менен райондук жетекчилердин жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин катышуусунда июнь айларында таңкы саат 6-00дөн 8-00гө чейин бир нече жолу массалык ишембиликтер уюштурулуп, айыл аймагынын борбордук көчөлөрүн жана «Жоломан Ата» паркын таштандыдан арылтуу иштери жүргүзүлдү. Айыл өкмөтүнүн бюджетинен 90 000 сом бөлүнүп, көрнөк-жарнактар жаңыртылды. Белгиленген кемчиликтер толугу менен жоюлду.

**- Күз баш багып, кыштын камын көрчү мезгил келатат. Айыл өкмөтү тарабынан кандай даярдыктар көрүлүүдө?**

- Айыл калкына жылдын жылытуу мезгилине орточо жалпы 8550 тонна, билим берүү обьектилерине 578,0 тонна, башка мекемелерге 6,0 тонна көмүр отунун керектелет. Билим берүү тармагында өткөн жылдын жылытуу мезгилинен 83 тонна көмүр отунун калдыгы бар. 2025-жылдын 1-июлуна карата билим берүү жана саламаттыкты сактоо обьектилерин көмүр отуну менен камсыздоо максатында тендерлер өткөрүлүп, көмүр ташуучулар менен келишимдер түзүлдү. Райондун борборунда калкка көмүр сатуу боюнча атайын база ачылган. Буйруса, күз-кыш айларында социалдык обьектилерди көмүр менен талаптагыдай шартта камсыз кылууга жетишебиз.

**Наргиза КАЗАКБАЕВА**














## НАРЫН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Чыныбеков Бектемир Чыныбекович берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Чумаева Гулмира Байгожаевна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №63***

## ЫКЧАМ ЧАРА КӨРҮҮ КООРДИНАЦИЯЛЫК ТОБУНУН ИШ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ыкчам чара көрүү координациялык тобунун иш тартибин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 43-беренесинин 4-бөлүгүн, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 4-бөлүгүн жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун иш тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун (ЫЧКТ) ишинин тартиби жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" 2020-жылдын 4-февралындагы №33 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун (ЫЧКТ) ишинин тартиби жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" 2020-жылдын 4-февралындагы №33 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2021-жылдын 5-сентябрындагы №679 токтому.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №64***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2025-жылдын 20-августундагы
№64 токтомуна тиркеме*

### Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун иш тартиби жөнүндө ЖОБО

#### 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону, Кыргыз Республикасында референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ыкчам чара көрүү координациялык тобунун (ЫЧКТ) иш тартибин аныктайт.

2. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу – шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам аракет көрүү жана көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө жарандарга маалымат жеткирүү максатында шайлоолорду, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде түзүлөт.

3. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу өз ишин мыйзамдуулук жана ачык-айкындуулук принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат.

#### 2. Ыкчам чара көрүү координациялык топту түзүүнүн тартиби

5. Шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Борбордук шайлоо комиссиясынын, округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүү координациялык топтору түзүлөт. Алардын курамына Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын (укук коргоо органдары) өкүлдөрү кирет.

6. Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону, Кыргыз Республикасында референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүү координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн тизмесин шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен жөнөтүшөт. Координациялык топтордун курамына тиешелүү (борбордук, облустук, райондук, шаардык) деңгээлдеги органдардын жетекчилери жана кызматкерлери кириши керек.

7. Борбордук шайлоо комиссиясынын деңгээлинде ыкчам чара көрүү координациялык тобунун курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу, округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын деңгээлинде тиешелүү шайлоо комиссияларынын чечими менен бекитилет.

#### 3. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун милдеттери

8. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу төмөнкүдөй милдеттерди жүзөгө ашырат:

- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин кайрылууларын жана арыздарын (даттанууларын), ЖМКнын жана интернет-басылмалардын билдирүүлөрүн кабыл алуу, талдоо жана ыкчам чара көрүү боюнча шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттерин координациялоо;
- кайрылууларда жана арыздарда (даттанууларда) баяндалган шайлоо мыйзамдарын бузуу фактыларын аныктыгын текшерүү жана ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга маалыматтарды жөнөтүү;
- шайлоо күнү мыйзам бузуулар жана алар боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу жарандарга өз убагында тиешелүү маалыматты жеткирүү;
- жарандардын шайлоо укуктарын бузуу жана/же шайлоо комиссияларынын ишине жолтоо болгон аракеттерди токтотуу, ошондой эле коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө ыйгарым укуктарынын чегинде сунуштарды иштеп чыгуу.

#### 4. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун ишин уюштуруу

9. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун жетекчиси болуп тиешелүү деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын мүчөсү саналат. Жетекчи, координациялык топтун мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт, анын оозеки же жазуу жүзүндөгү тапшырмалары топтун бардык мүчөлөрү, ошондой эле келишимдик негизде тартылган адистер үчүн аткарууга милдеттүү болуп саналат.

10. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун мүчөлөрү бирдей укукка жана милдеттерге ээ. Чечимдер координациялык топтун мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

11. Эксперттик жана аналитикалык ишти алып баруу үчүн мыйзамда белгиленген тартипте адистер тартылат. Маалыматтык-документациялык жүгүртүүнү камсыз кылуу үчүн катчы дайындалат.

12. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун жумушу шайлоо комиссияларында уюштурулат. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зарыл болгон материалдык-техникалык жана коммуникациялык көмөктөшүүнү камсыздайт.

13. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу тиешелүү шайлоо комиссиясы менен биргеликте жарандардын кайрылууларынын, ошондой эле маалыматтын келип түшүү жолдорунун жеткиликтүүлүгү үчүн зарыл шарттарды түзөт жана үзгүлтүксүз маалыматтык иш-чараларды өткөрүп турат.

#### 5. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун иштөө алгоритми

14. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоочулардан жана шайлоо процессинин башка субъекттеринен келип түшкөн билдирүүлөрдү, арыздарды (даттанууларды) кабыл алат, талдайт жана ар бир кайрылуу (билдирүү, арыз) боюнча иш-аракеттердин алгоритмин иштеп чыгат.

15. Шайлоо мыйзамдарын бузулушу жөнүндө келип түшкөн арыздары (даттанууларды) тиешелүү укук коргоо органдарына карооо жана мыйзамдарда каралган ыйгарым укуктарына ылайык чечим кабыл алуу үчүн жөнөтөт.

16. Шайлоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттанууларды) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдындагы күнү токтоосуз каралуусу тийиш. Эгерде шайлоонун даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Прокуратура органдары, ички иштер органдары арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.

17. Арыздары (даттанууларды) кароодон баш тартылган учурда, прокуратура органдары, ички иштер органдары баш тартуунун негиздерин баяндоо менен чечимдин көчүрмөсүн токтоосуз берүүгө милдеттүү.

18. Келип түшкөн бардык кайрылууларды (билдирүүлөрдү, арыздарды) Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтындагы даттанууларды жана мыйзам бузууларды Реестринде жарыяланат жана күн сайын жаңыланып турат.

19. Билдирүүлөрдү, арыздарды (даттанууларды) кароонун жыйынтыгы боюнча ыкчам чара көрүү координациялык тобу кеңешмелерди, жыйындарды жана ЖМКнын катышуусу менен брифингдерди өткөрөт.

#### 6. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун документтери

20. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун иши аяктагандан кийин бардык документтер Борбордук шайлоо комиссиясынын архивине белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө өткөрүлүп берилет.

21. Документтердин тиешелүү тартипте өткөрүлүп берилишине ыкчам чара көрүү координациялык тобунун жетекчиси жана катчысы жоопкерчилик алат.

**2023-ЖЫЛДЫН 15-АВГУСТУНДАГЫ №3-Б "МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОРДО ИЧКИ АУДИТОРДУ СЕРТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик секторунда ички аудит боюнча ченемдик укуктук базаны жана ички аудиторлорду квалификациялык сертификациялоо системасын өркүндөтүү максатында, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 8-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 15-августундагы №3-Б "Мамлекеттик сектордо ички аудиторду сертификациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" буйругуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Мамлекеттик сектордо ички аудиторду сертификациялоо жөнүндө жободо:

- 15-пункттун 3 жана 4-пунктчалары төмөнкү редакцияда баяндалсын:

3) жогорку билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү тиркемеси менен;

4) экономикалык адистик боюнча бир жылдан кем эмес иш стажын ырастаган эмгек китепчесинин көчүрмөсү, ал эми башка жогорку (экономикалык эмес) билими болсо, экономикалык адистик боюнча үч жылдан кем эмес иш стажын ырастаган эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

- 37-пункттагы "75" деген цифралар "50" деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын ички аудит жана ички контроль методологиясы бөлүмү:

1) буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйрукту "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяласын;

2) буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө, жарыялоо булагын көрсөтүү менен жөнөтсүн;

3) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада жиберсин.

**3.** Басма сөз кызматы бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде аны Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин веб-сайтына расмий жарыялоону камсыз кылсын.

**4.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**5.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары - Борбордук казыналыктын директору У.М.Аманбаевге жүктөлсүн.

**Министр** **А.БАКЕТАЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №161-Б***

## ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПОЛОЖЕНИЯ О СЕРТИФИКАЦИИ ВНУТРЕННЕГО АУДИТОРА В ГОСУДАРСТВЕННОМ СЕКТОРЕ» ОТ 15 АВГУСТА 2023 ГОДА №3-П**

В целях совершенствования нормативной правовой базы по внутреннему аудиту и системы квалификационной сертификации внутренних аудиторов в государственном секторе Кыргызской Республики, в соответствии с пунктом 8 статьи 10 Закона Кыргызской Республики «О внутреннем аудите», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, **приказываю:**

**1.** Внести в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о сертификации внутреннего аудитора в государственном секторе» от 15 августа 2023 года №3-П следующие изменения:

в Положение о сертификации внутреннего аудитора в государственном секторе, утвержденным вышеуказанным приказом:

- подпункты 3 и 4 пункта 15 изложить в следующей редакции:

3) копию диплома о высшем образовании вместе с приложением;

4) копию трудовой книжки, подтверждающей стаж работы по экономической специальности не менее одного года, а в случае иного высшего (не экономического) образования, копию трудовой книжки, подтверждающей стаж работы по экономической специальности не менее трех лет;

- в пункте 37 цифры «75» заменить цифрами «50».

**2.** Отделу методологии внутреннего аудита и внутреннего контроля Центрального казначейства Министерства финансов Кыргызской Республики:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо», и на официальном сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителе, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа, направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

**3.** Пресс-службе в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликование на веб-сайте Министерства финансов Кыргызской Республики.

**4.** Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**5.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра – директора Центрального казначейства Аманбаева У.М.

**Министр** **А.БАКЕТАЕВ**

***г.Бишкек, 21 августа 2025 года, №161-П***

С/О-738

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АК-СУУ, КАДАМЖАЙ, ЫСЫК-АТА ЖАНА ТАЛАС АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 13-августундагы №11 Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Кыдыр-Аке айылдык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №12 Баткен облусунун Кадамжай районунун Бирлик айылдык кеңеши боюнча;

2) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын каза болгондугуна байланыштуу, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 1-августундагы №9 Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Кең-Булуң айылдык кеңеши боюнча;

– Талас аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №4 Талас облусунун Талас районунун Каракол айылдык кеңеши боюнча.

3) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 13-августундагы №12 Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Кыдыр-Аке айылдык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №13 Баткен облусунун Кадамжай районунун Бирлик айылдык кеңеши боюнча;

– Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 1-августундагы №9 Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Кең-Булуң айылдык кеңеши боюнча;

– Талас аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №5 Талас облусунун Талас районунун Каракол айылдык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Ак-Суу, Кадамжай, Ысык-Ата жана Талас аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Ак-Суу, Кадамжай, Ысык-Ата жана Талас аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**3.** Ак-Суу, Кадамжай, Ысык-Ата жана Талас аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык катталсын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-августу, №62***

ОЛУТТУУ ФАКТ:

**«КЫРГЫЗСТАН УЭТ» ААК**

**2025-жылдын 18-августунда «Кыргызстан УЭТ» ААКнын Директорлор кеңешинин чечими менен:**

*Башка ишке өткөндүгүнө байланыштуу берген арызынын негизинде Башкы дирекциянын мүчөсү – башкы директордун капиталдык курулуш жана инвестиция боюнча орун басары – **Сыдыгалиев Ильгиз Манатбековичтин** ыйгарым укуктары **2025-жылдын 20-августунан** тартып токтотулганын кабарлайт.*

***Мамбетказиева Индира Бурканбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №1267095 (12.12.2023-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.Б.

***Асанов Максат Бердибековичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31018531 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.Б.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН 2016-ЖЫЛДЫН 30-ДЕКАБРЫНДАГЫ №428 БУЙРУГУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕМИР ЖОЛ ТРАНСПОРТУ АРКЫЛУУ ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ, ЖҮКТӨРДҮ, БАГАЖДЫ ЖАНА ПОЧТА ЖӨНӨТҮҮЛӨРҮН ТАШУУ БОЮНЧА ЭРЕЖЕЛЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ»

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын «Нормативдик укуктук актылар жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» жобого ылайык, ошондой эле «Кыргыз темир жолу» улуттук компаниясы мамлекеттик ишканасы аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү актуалдаштыруу жана санариптештирүү максатында, төмөндөгүлөрдү **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын транспорт жана жол министрлигинин 2016-жылдын 30-декабрындагы №428 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын темир жол транспортунда почта жөнөтмөлөрүн, жүк-багаждарын, багаждарды жана жүргүнчүлөрдү ташуу эрежелерине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

Кыргыз Республикасынын темир жол транспортунда почта жөнөтмөлөрүнө, жүк-багаждарына, багаждарды жана жүргүнчүлөрдү ташуу эрежелерине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилет:

- 34-пункту төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“34-пункт: Республикалык ички каттамдагы поезддерде жүрүү үчүн билетти кассадан, поездде же электрондук түрдө бир жолку “бир тарапка” же “эки тарапка” сатып алат. Электрондук билет кондукторго кагаз түрүндө же электрондук цифралык каражаттар аркылуу (телефон, планшет ж.б.) көрсөтүлөт.

Поезддеги орундар отуруу үчүн каралган.

Жүргүнчү өзү менен кошо 5 жашка чейинки бир баланы, эгерде ал өзүнчө орунду ээлебесе, бекер алып жүрүүгө укуктуу, жүргүнчүгө 5 жашка чейинки бирден ашык бала үчүн белгиленген тарифтер менен акы алынат. 5 жаштан 10 жашка чейинки балдардын жол кире акысы балдарды ташуунун белгиленген тарифтерине ылайык төлөнөт. Баланын жашы жол жүрүү күнүнө карата аныкталат. Эгерде сапар күнү 5 жашка чыккан баланын туулган күнүнө туура келсе, анда бала акысыз ташылат (эгерде ал өзүнчө орун ээлебесе).

Эгерде сапарга чыккан күнү 10 жашка чыккан баланын туулган күнүнө туура келсе, анда билеттер балдар тарифи менен жазылат. 10 жашка чейинки балдардын республиклык ички каттамдарындагы поезддерде чоңдордун коштоосусуз жүрүүсүнө жол берилбейт.

Жүргүнчү салмагы 50 килограммга чейинки кол жүгүн жана экиден ашпаган үй жаныбарларын (иттерди, мышыктарды, канаттууларды) бекер алып жүрүүгө укуктуу. Бул жаныбарлар атайын тарага (жашик, капас, себет ж.б.) салынып, ит жетелөөчү боосу (жип же кайыш) жана тумшук кап менен камсыздалып, кол жүк үчүн каралган атайын орундарга эркин жайгаштырылышы шарт. Аталган үй жаныбарларын атайын тарага салынбаса, ташууга уруксат берилбейт.

Ири тукумдуу иттерди ташууга тыюу салынат.

Көрүүсү начар (сокур жана начар көргөн) жүргүнчүлөргө өздөрү менен бирге жетектөөчү иттерди алып жүрүүгө уруксат берилет. Жетектөөчү итин тумшук кап кийгизип жана кыска боодо алып жүрүү керек жана аны коштоп жүргөн жүргүнчүгө жакын кармоо керек.

Үй жаныбарларын ташуу үчүн кошумча акы алынбайт.

Жүргүнчү өзүнүн кол жүгүн, ошондой эле алып бара жаткан үй жаныбарларынын (иттер, мышыктар, канаттуулар) сакталышы жана коопсуздугу жөнүндө кам көрүүгө милдеттүү жана өзү алып бара жаткан үй жаныбарлары (иттер, мышыктар, канаттуулар) тарабынан санитардык-гигиеналык талаптардын бузулушунда толук жоопкерчилик тартат жана вагондо тийиштүү тазалыкты камсыз кылууга милдеттүү.

Жүргүнчүгө мотору жок, демонтаждалган жана таңгакталган бирден ашык эмес велосипеддин өлчөмү, кол жүк үчүн белгиленген жерлерге коюуга мүмкүндүк берсе, белгиленген 50 кг жүктү алып жүрүү ченеминин негизинде ташууга уруксат берилет.

Эгерде поездде бала же кыймыл аракети чектелген жүргүнчү бара турган болсо, белгиленген нормадан ашык кол жүк катары, бүктөлүүчү балдар арабаларын жана инвалиддик арабаларды ташууга жол берилет.

Поезддерде жүрүүдө жүргүнчүлөр бир вагондон экинчи вагонго зарылчылыгы жок өтпөстөн, коомдук тартипти сактоого милдеттүү. Жүргүнчүлөрдүн тынчтыгын бузууга (үн чыгаруучу түзүлүштөрдү колдонуу, кыйкырык, ышкырык, ырдоо, музыкалык аспаптарда ойноо жана башка аракеттер) жол берилбейт.”

- 35-пункту төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“35-пункт: Поездде бара жаткан жүргүнчү, эгерде бош орундар болсо жана колдонуудагы тарифтерге ылайык жол кире наркынын айырмасын төлөгөн учурда анын билетинде көрсөтүлгөндөн жогорку класстагы (типтеги) орунга же вагонго өтүүгө укуктуу. Жол кире акысынын айырмасын төлөө поезддеги Улуттук ташуучунун өкүлү жүргүзөт. Бул учурда жүргүнчүгө билеттин бланкасы берилет.

Жүргүнчү жогорку ыңгайлуулуктагы вагондордо жүрүүгө берилген билетти, эгерде ошол эле категориядагы жогорку уңгайлуулуктагы вагондордо орундар болсо, ошол эле поездде башка күнгө, жөнөгөнгө 48 саат калганга чейин кечиктирбестен кайра чыгарууга укуктуу. Мында кайра каттоо жол-жоболоштуруу жүргүнчү ташуу акысынын наркын албастан жүргүзүлөт.

Республикалык ички каттамдардагы жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддердин стандарттуу вагондорунда жүрүү үчүн бланк боюнча же электрондук түрдө берилген билеттердин акысын кайтаруу жүргүзүлбөйт. Кассадан бланк боюнча берилген жоголгон же бузулган билеттер жаңыртылбайт жана аларга төлөнгөн акылар кайтарылбайт.

Жогорку ыңгайлуулуктагы вагондор үчүн электрондук түрдө же бланк боюнча берилген билеттин толук наркы, поезд жөнөп кетүү бекетинен 48 сааттан кечиктирбестен кайра кайтарууга мүмкүнчүлүк берилет. Кайтаруунун тартиби жана шарттары Улуттук ташуучу тарабынан аныкталат.

Республикалык ички каттамдарындагы поезддерге билеттердин жарактуу мөөнөтү узартылбайт.”

**2.** Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөн соң күчүнө кирет.

**3.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу «Кыргыз темир жолу» Улуттук компаниясы» мамлекеттик ишканасы бул буйрукту аткарууга кабыл алсын.

**4.** Транспорт саясатын жүргүзүү башкармалыгы:

1) ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» токтому менен белгиленген тартипте расмий жарыялоону камсыз кылсын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

3) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде анын көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

**5.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин темир жол транспортун тескеген орун басарына жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Б.БАЗАРАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-июлу, №216***

## ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## «О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ТРАНСПОРТА И ДОРОГ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПРАВИЛ ПЕРЕВОЗОК, ПАССАЖИРОВ, БАГАЖА И ГРУЗОБАГАЖА, ПОЧТОВЫХ ОТПРАВЛЕНИЙ НА ЖЕЛЕЗНОДОРОЖНОМ ТРАНСПОРТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ» ОТ 30 ДЕКАБРЯ 2016 ГОДА №428

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», Положением «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления», утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года №115, а также в целях актуализации и цифровизации услуг на Государственном предприятии «Национальная компания «Кыргыз темир жолу», **приказываю:**

**1.** Внести в приказ Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики «Об утверждении Правил перевозок, пассажиров, багажа и грузобагажа, почтовых отправлений на железнодорожном транспорте Кыргызской Республики» от 30 декабря 2016 года №428 следующие изменения:

- в Правилах перевозок пассажиров, багажа и грузобагажа, почтовых отправлений на железнодорожном транспорте Кыргызской Республики, утвержденного вышеуказанным приказом:

- пункт 34 изложить в следующей редакции:

«34. Для проезда в поездах внутриреспубликанского сообщения пассажир приобретает билет на бланке в билетной кассе, в поезде или в электронном виде для разовой поездки «туда», или «туда» и «обратно».

Билет, оформленный на бланке и в электронном виде, имеют равную юридическую силу для проезда пассажира. Электронный билет предъявляется проводнику на бланке или на электронно-цифровых средствах (телефон, планшет и т.п.).

Места в поезде предоставляются для сидения.

Пассажир имеет право провозить с собой бесплатно одного ребенка в возрасте не старше 5 лет, если он не занимает отдельное место для сидения, проезд более одного ребенка не старше 5 лет на одного пассажира оплачивается по установленным тарифам на перевозку детей. Проезд детей в возрасте от 5 до 10 лет оплачивается в соответствии с установленными тарифам на перевозку детей. Возраст ребенка определяется на день начала поездки. Если день начала поездки совпадает с днем рождения ребенка, которому исполнилось 5 лет, то ребенок провозится бесплатно (если он не занимает отдельное место). Если день начала поездки совпадает с днем рождения ребенка, которому исполняется 10 лет, то оформляются билеты по детскому тарифу. Проезд детей в поездах внутриреспубликанского сообщения в возрасте до 10 лет без сопровождения взрослых не допускается.

Пассажир вправе бесплатно провозить ручную кладь весом до 50 кг и комнатных домашних животных (собак, кошек, птиц) не более 2 особей, которые должны быть помещены в специальную тару (ящики, клетки, корзины и т.п.), иметь намордник и поводок и свободно размещаться на местах, отведенных для перевозки ручной клади. Указанные комнатные животные, не помещенные в специальную тару, к перевозке не допускаются.

Провоз собак крупной породы запрещен.

Пассажирам с нарушением зрения (незрячим и слабовидящим) разрешается провозить с собой собак-поводырей. Собака-поводырь должна перевозиться на коротком поводке без намордника и должна находиться рядом с пассажиром, которого она сопровождает.

Дополнительная плата за провоз домашних животных не взыскивается.

Пассажир должен сам заботиться о целости и сохранности ручной клади, а также находящихся при нем комнатных животных (собаках, кошках, птицах) и несет полную ответственность за нарушение перевозимыми им при себе комнатными животными (собаки, кошки, птицы) санитарно-гигиенических требований и обязан обеспечить соответствующую уборку в вагоне.

В счет установленной нормы провоза ручной клади 50 кг разрешается перевозить при себе в разобранном и упакованном виде не более одного велосипеда без мотора, если он по своим размерам может быть помещен на местах, предназначенных для размещения ручной клади. В виде ручной клади сверх установленной нормы допускаются перевозки складных детских и инвалидных колясок, если ребенок или пассажир с ограниченной подвижностью, для которых предназначены коляски, следуют в поезде.

При проезде в поездах пассажиры обязаны соблюдать общественный порядок, без необходимости переходить из вагона в другой вагон. Не допускается нарушение тишины и покоя пассажиров (использование звукопроизводящих устройств, крики, свист, пение, игра на музыкальных инструментах и иные действия).»;

- пункт 35 изложить в следующей редакции:

«35. Пассажир в пути следования поезда имеет право перейти на место или в вагон высшего класса (типа), по сравнению с указанными в его билете, при наличии свободных мест и при уплате им разницы в стоимости проезда в соответствии с применяемыми тарифами. Оплата разницы в стоимости проезда производится представителю Национального перевозчика в поезде. В этом случае пассажиру выдается бланк билета.

Пассажир имеет право переоформить билет, оформленный для проезда в вагонах повышенного комфорта, при наличии мест в той же категории вагона повышенного комфорта на другую дату того же поезда.

В этом случае переоформление осуществляется без взимания стоимости провозных платежей и переоформленные билеты не подлежат возврату.

Возврат стоимости билетов, оформленный на бланке и электронном виде, для проезда в стандартных вагонах пассажирских поездов внутриреспубликанского сообщения не производится. Утерянные и испорченные билеты, оформленные на бланке в билетной кассе, не возобновляются, уплаченные за них деньги не возвращаются.

Полная стоимость билета, оформленный в электронном виде или на бланке в вагоны повышенной комфортности, возвращается не позднее 48 часов до отправления поезда от станции отправления. Порядок и сроки возврата определяет Национальный перевозчик.

Срок действия билета на поезда внутриреспубликанского сообщения не продлевается.».

**2.** Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования».

**3.** Государственному предприятию «Национальная компания «Кыргыз темир жолу» при Министерстве транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики принять к исполнению настоящий приказ.

**4.** Управления транспортной политики:

1) обеспечить официальное опубликование настоящего приказа в порядке, установленном Постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года №117;

2) в течение трёх рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа на государственном и официальном языках в двух экземплярах на бумажных и электронных носителях с указанием источника публикации в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить его копию для ознакомления в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

**5.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, курирующего железнодорожный транспорт.

**Заместитель министра** **Б.БАЗАРАЛИЕВ**

***г.Бишкек, 24 июля 2025 года, №216***

## Ош облусунун Араван райондук Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн

аткаруу өндүрүшүнүн алкактарында өндүрүп алуу карызкорго таандык болгон мүлктүк укуктарынан жүргүзүү менен Жалал-Абад шаардык сотунун 25.09.2024-жылы кабыл алган аныктамасына ылайык, Жалал-Абад шаардык сотунун 13.10.2023-жылдагы №ГД1231-23 Д4 сандуу соттук буйруктун аткаруу ыкмасын жана тартибин 29.09.1985-жылы туулган карызкор Козуев Тимурлан Абдиназаровичтин наамындагы 5-02-08-1004-0946 идентификациялык коду менен катталган Ош облусунун Араван районунун Дөбө-Коргон а/а Кең-Сай (Нурабад) ж/м, Кең-Сай-22 көчөсүнүн №64/1 дарегиндеги жер тилкесине буруу жолу менен өндүрүүнүн негизинде эки жолу соода-сатык жарыяланып, катышуучу жок болгондугуна байланыштуу Араван райондук САКБнын сот аткаруучусунун токтомунун негизинде «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын «Жалал-Абад» филиалынын пайдасына 14.08.2025-жылы өткөзүлүп берилгендигине байланыштуу карызкор Козуев Тимурлан Абдиназаровичтин наамындагы 5-02-08-1004-0946 идентификациялык коду менен катталган жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы 14.08.2025-жылдан баштап карызкор Козуев Тимурлан Абдиназаровичтин наамындагы 5-02-08-1004-0946 болгон идентификациялык коду менен катталган жер участогуна болгон укугу жокко чыккандыгы жарыяланат.

Д-05

## ОсОО "ЛАЙФ ИЗ ГУД"

(ИНН 00210202010017, ОКПО 30954613, рег.№192894-3303-ООО, юридический адрес: Кыргызская Республика, Джалал-Абадская обл., Базар-Коргонский р/н, Кенеш а/а, с. Советское, ул. Б.Саипова, №89)

***уведомляет о своей ликвидации.***

Кредиторы могут предъявить свои требования в течение двух месяцев со дня публикации настоящего объявления по адресу: **Кыргызская Республика, Джалал-Абадская область, Базар-Коргонский р/н, Кенеш а/а, с. Советское, ул. Б.Саипова, №89.**

Д-05

## ОсОО "Гермес Менеджмент Лтд"

(ИНН 02809202010096, ОКПО 30954553, рег.№192779-3303-ООО, юридический адрес: Кыргызская Республика, Джалал-Абадская обл., Базар-Коргонский р/н, Кенеш а/а, с. Советское, ул. Б.Саипова, №89)

***уведомляет о своей ликвидации.***

Кредиторы могут предъявить свои требования в течение двух месяцев со дня публикации настоящего объявления по адресу: **Кыргызская Республика, Джалал-Абадская обл., Базар-Коргонский р/н, Кенеш а/а, с. Советское, ул. Б.Саипова, №89.**

Д-05

## ОАО « КЫРГЫЗСУУДОЛБООР»

***проводит внеочередное общее собрание акционеров 15 сентября 2025 года в 10.00 часов.***

По адресу: **г. Бишкек, ул. Саманчина, 6, 2 этаж, комната 225**
Начало регистрации в **9.00 часов**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. О составе Счетной комиссии.
2. Об увеличении номинальной стоимости акций, по итогам дополнительного выпуска эмиссии акций (частной эмиссии), в соответствии с переоценкой основных средств ОАО «Кыргызсуудолбоор».
